- ижарага алынган муниципалдык курулманы, имаратты (жайды) ушул Келишимдин 1-пунктунда белгиленген багыты боюнча гана пайдаланууга;

- конкурстун жыйынтыгы боюнча алган келишимдик милдеттенмелерди аткарууга;

- ижарага алынган муниципалдык курулманы, имаратты (жайды) жана жанындагы аймакты Ижарага беруучугө кайра өткөрүп бергенге чейин талаптагыдай техникалык жана санитардык абалда кармоого;

- эгерде объект конкурстун жыйынтыгы боюнча эмес ижарага берилсе - Ижарага беруучунун жана компетенттүү органдардын жазуу түрүндө уруксатысыз ижарага алынган муниципалдык курулмада, имаратта (жайда) эч кандай капиталдык (тирөөч конструкцияларга тиешелүү) өзгөртүп пландоолорду жана өзгөртүп кайра жабдууларды жасабоого;

- ижара акысын ар бир айдын 5-күнүнө чейин төлөөгө, ошондой эле коммуналдык жана башка максаттуу тейлөө кызматтарына өзүнчө келишим боюнча төлөөгө;

- салык мыйзамдарында аныкталган учурларда мүлк салыгын төлөөгө;

- Ижарага беруучунун ижарага алынган объектиге белгиленген тартипте эркин кирүү мүмкүндүгүн камсыздоого, анын көрсөтмөлөрүн белгиленген мөөнөттө аткарууга;

- ижарага алынган муниципалдык курулмага, имаратка (жайга) тийиштүү эрежелерди жана муниципалдык көзөмөлдөө органдарынын буйруктарын аткарууга жана техникалык жактан пайдалануу укугун, техникалык коопсуздукту, өрт коопсуздугун сактоого жана аларды аткарбагандыгы үчүн мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликти көтөрүүгө;

- башка Ижарага алуучулардын укуктарын, ошондой эле муниципалдык курулманы, имаратты (жайды) пайдалануу тартибин бузбоого;

- өзүнүн чарбалык ишинин натыйжасында ижарага алынган муниципалдык курулманын, имараттын (жайдын) сапаты начарлаганына байланыштуу Ижарага беруучугө келтирилген чыгымдарды толугу менен төлөп берүүгө;

- ижараны кайра ижарага бербөөгө, ижарага алынган мүлктү күрөөгө койбоого же башкача түрдө оордотпоого;

- Ижара беруучунун талабы боюнча, ижара объектисин пайдаланууга тийиштүү керектүү маалыматтарды берүүгө;

- уюштуруу-укуктук формасы, аталышы, жайгашкан орду жана почта дареги (юридикалык жактар үчүн), жашаган жери боюнча каттоосу (жеке жактар жана жеке ишкерлер үчүн), банктык реквизиттери өзгөрсө 10 күндүн ичинде көрсөтүлгөн өзгөрүүлөр тууралуу Ижарага беруучугө кат жүзүндө билдирүүгө;

- Келишим бүткөндө мамлекеттик курулманы, имаратты (жайды) ижара беруучугө оң абалда кайрып берүүгө.

### 3. Келишим боюнча төлөмдөр жана эсеп-кысаптар

8. Муниципалдык курулманын, имараттын (жайдын) ижара акысынын өлчөмү айына 1 кв.м үчүн __________ сомду түзөт. ________ кв.м аянттагы муниципалдык курулманын, имараттын (жайдын) ижарасы үчүн акы айына бардыгы _________ сомду түзөт.

9. Ижара акысы, мамлекеттик мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө нускамага өзгөртүү кирген учурда, кабыл алынган ченемдик укуктук актыларга ылайык белгиленген баалар жана тарифтер өзгөргөн шартта кайра каралат. Ижарага беруучу муниципалдык мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө нускаманын өзгөргөндүгү тууралуу